15-56

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ

КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ Ш.Ш. УАЛИХАНОВ АТЫНДАГЫ
ТАРЫХ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.07.13.015**

Кол жазма укугунда
УДК:78: 372.8 (575.2) (043.3)

**ЖАКИШЕВА ЗАБИРА СЫПАТАЕВНА**

# КАЗАКТЫН САЛТТУУ МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАРЫ (ТАРЫХЫЙ-ЭТНОГРАФИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨ)

Адистиги: 07.00.07 – «Этнография, этнология жана антропология»

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**Авторефераты**

**Бишкек – 2014**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасы Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институту менен Казакстан Республикасынын Тарых жана этнология институтунда даярдалды

**Илимий жетекчилер:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Дж.Дж. Джунушалиев.**

тарых илимдеринин доктору **А.У. Токтабай.**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору, профессор **А.Б. Калыш**

тарых илимдеринин кандидаты, доцент **А.З. Жапаров**

**Жетектөөчү мекеме:** Казакстан Республикасынын Л.Н. Гумилев атындагы Еуразия Улуттук университетинин археология жана этнология кафедрасы

Диссертация 2014-жылдын «31» октябрында саат 16-00 Кыргыз Республикасы Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы доктордук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д.07.13.015 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720072, Бишкек шаары, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети, Фрунзе көчөсү, №547.

Диссертациянын кол жазмасы менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2014-ж. «1» октябрда таркатылды.

Адистештирилген кеңештин
окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору Ч.Ж. Турдалиева

## ЭМГЕКТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу** бир катар факторлор менен түшүндүрүлөт. Эмгекте көөнө доорлордон баштап XX кылымдын аягына чейинки мезгилдеги казактын салттуу музыкалык мурастарын археологиялык жана тарыхый-этнографиялык багыттагы изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жасалды. XXI кылымдын башындагы ааламдашуу жараяны, компьютердик технология коомдук өнүгүүгө таасирин берип жатканы ачык эле сезилип жатат. Мындай шарттарда салттуу маданияттын көптөгөн баалуу нускалары күндөлүк жашоодон четтеп калууда. Ошол эле мезгилде алардын баалуулугу артып элдик көөнөргүс мураска айланып жатат. Ошондуктан күнү бүгүнкүгө чейин терең изилденбей келген казактын салттуу музыкалык аспаптарын археологиялык жана тарыхый-этнографиялык өңүттөн изилдөө актуалдуу маселелердин бири болуп эсептелет.

Салттуу музыкалык аспаптар – элдик маданияттын эзелки нускаларынын бирине жатат. Ал заттык маданияттын тармагы болуу менен, эстетикалык өнөрдүн, турмуштук зарылчылыктын бир бөлүгү ирээтинде руханий маданиятка кызмат кыла турган касиетке ээ. Ошондуктан казактын салттуу музыкалык аспаптарын изилдөө башка тиешеси бар илимдер менен катар эле этнография үчүн да эң бир зарыл, маанилүү иштерден болуп саналат. Көөнө музыкалык аспаптардын этникалык башаты менен тарыхы, биздин заманыбызга чейинки өмүр сүргөн эзелки этностор, алардын жашоо-салты, турмуштук көз караштары, диний-ишенимдери менен байланыштуу болуп келди.

Музыкалык аспаптар өз мезгилине карата бирде жок болсо, бирде өнүгүп, убакыттын өтүшү менен ар түрдүү өзгөрүүлөргө дуушар болгондуктан, алардытарыхый-этнографиялык өңүттө бүгүнкү күндүн талабына ылайык изилдөө башкы милдет болуп саналат. Казак калкынын салттуу музыкалык аспаптарынын тарыхы, багыттары олуттуу илимий изилдөөгө алынды деп айта албайбыз. Салттуу музыкалык аспаптар системасы тарых, этнография, археология, акустика, кол өнөрчүлүк, дин таануу, зат таануу, фольклор, адабият, музыка таануу сыяктуу илимдер менен тыгыз байланыштуу. Ошондуктан салттуу музыкалык аспаптарды аткаруучулук жана ноталык системанын негизинде эмес, тарыхый-этнолграфиялык жактан, элдин каада-салты менен көз караштарынын негизинде үн аспаптары катары колдонулушуна карай караштырабыз. Себеби, алар алгач музыкалык аспап эмес, турмуш аракетине байланыштуу катуу добуш чыгаруучу куралдар катары пайда болгон. Ошол себептен аларды элдин салт-санаасы, үрп-адаты, диний ишеними, культтук-магиялык көз караштарына байланыштуу колдонулган добуш куралдары катары караштыруу максаты көздөлдү.

Элибиздин када-салтын, руханий-материалдык маданиятын, этнографиясы менен археологиясын жана башка тармактарын реалдуу түрдө караштырган эмгектер корголуп, бир катары жарыкка чыгып, улуттук мурасты сактоого оң таасир берүүдө. Тилекке каршы, мындай изилдөөлөрдүн катарынан

казактын салттуу музыкалык аспаптары тууралуу эмгек али да орун ала элек. Элдин тарыхынын тамыры байыркы кылымдардан башталса, материалдык жана руханий мурастардын калыптанышы да ошол мезгилдер менен бирге каралат. Ошондуктан изилдөө объектиси болгон салттуу музыкалык аспаптарды эл турмушунун ажырагыс бир тармагы деп эсептейбиз.

Казак аспап таануу илими эгемендүүлүккө жетишкенге чейин «түрү улуттук, мазмуну социалистик» сыпатта болуп, «советтик аспап таануу илими» деген орток түшүнүк менен өмүр сүрүп келди. Салттуу музыкалык аспаптар элдин тарыхы, руханий маданиятты өнүктүрүүдөгү аракеттери менен ар дайым айкалышта болуп келе жаткан илимий багыт. Терең изилдөөсүз ал багыттар өнүкпөйт, цивилизациянын көчүнө кошула албайт. Кээ бир адистер улуттук музыкалык аспаптарды тек кана күү-обондордун куралы катары кабыл алып, аларды калыбына келтирүү, санын көбөйтүү, эсебин алуу, музейлерде сактоо деп гана түшүнөт. Бул өтө тар маанидеги түшүнүк жана алардын тереңге кеткен тарыхын чектөө болуп саналат.

Этнология маселелеринин кайсынысы болбосун, адам – коом – жаратылыштын ортосундагы кылымдар бою калыптанган карым-катынаштарын ар тараптуу изилдөөнү талап кылат. Анын бири ушул диссертациялык ишке негиз болуп жаткан «Казактын салттуу музыкалык аспаптарын тарыхый-этнографиялык изилдөө» темасы. Бул эмгек аркылуу алар, биринчи жолу, тарыхый-этникалык булак, маданий, диний, археологиялык, этнографиялык мурас катары изилденет.

Эл турмушундагы үрп-адат, салт-санаа, диний ишенимдер менен башка да толуп жаткан тиричилик аракеттер, үн (музыка) чыгарган куралдардан классикалык даражага чейинки нускаларды кошо өркүндөттү. Башкача айтканда, салттуу музыкалык аспаптардын пайда болуусу, өнүгүү жолу олдоксон жасалгалоодон – жөнөкөйгө, жөнөкөйдөн – татаалга карай багыт алган аракеттерге негизделген. Аталган аспаптар социалдык карым-катнаштардын бардык жактарын камтыган, мааниси зор маданий жана тарыхый мурастардын деңгээлине чейин көтөрүлгөн. Ушу жагдайдан алганда, музыкалык аспаптардын улуттун тарыхын билдирүүдөгү, өнөрү, тууралуу кийинки муундарга тарбия берүүдөгү мааниси зор.

**Теманын изилдөнүү деңгээли.** Казактын салттуу музыкалык аспаптарынын тарыхы менен санжырасы байыркы доорлордон башталат. Мисалы, катуу добуш чыгарган куралдардын көөнө түрлөрү байыркы доорго таандык таш эстеликтерде, жар таштар менен үңкүрдүн боорлоруна түшүрүлгөн. Алардын түп нуска үлгүлөрү археологиялык казуулардан да табыла баштады. Ошондой эле алардын мифология, элдик оозеки чыгармалар, байыркы замандагы өнөр феномени, космология жана маданияттын башка тармактары менен тыгыз байланышы бар экени аныкталды. Мунун өзү салттуу музыкалык аспаптар тарыхынын өткөнүн жана бүгүнкү дэңгээлин так аныктап билүүгө мүмкүндүк берет. Мисалы, б.з.ч. үч миң жылдай мурун чамасында жар таштарга, таш балбалдар менен үңкүр боорлорунан үн (саз) аспаптары түшүрүлгөн сүрөттөр табылган [13, 38-39-бб.]. Кытай жазма булактарында андан эки жарым миң жыл мурун колдонулган көөнө аспаптар тууралуу маалыматтар белгилүү[10, 66-70-бб.]. Орто кылымдын ойчулу Абунасыр ал-Фараби өз заманында музыкалык аспаптар жөнүндө теңдеши жок эмгектерди калтырган. Ал музыкалык аспаптардын түтүкчөлөрүндөгү аба күчү, кылдар менен сандардын кызматы жана аралык өлчөмдөрү, заты, жасоо технологиясы сыяктуу органологиялык маселелерди караган дүйнөдөгү тунгуч ойчул катары белгилүү болду [3, 323-337-бб.].



Салттуу музыкалык аспаптарга байланыштуу тарыхый маалыматтар менен булактарга тилдик, фольклордук, этнографиялык материалдар кирет. Атап айтканда, көөнө сөздөр, аңыз-аңгемелер, баатырдык мүнөздөгү эпостор, ырлар, дастандар сыяктуу элдик оозеки чыгармаларда байыркы музыкалык аспаптарга байланыштуу маалыматтар кезигет.

Элдин тарыхы менен маданиятындагы музыкалык аспаптардын алган орду тууралуу өткөн кылымдарда бул элдин улуу талаасына келген чет элдик саякатчылар, илимпоздор менен аскер адистеринин жазбай кеткени болгон эмес. Мисалы, 1768-69 жылдарында саякатчы П.С. Паллас (1741-1811) казак талаасынын батыш бөлүгүндө кездешкен көөнө музыкалык аспаптардын сырткы көрүнүшү, ойноо ыкмасы жөнүндө үстүртөн болсо да сыпаттап өткөн [19, 330-б.]. И.Г. Георги (1729-1802) көөнө музыкалык аспаптардын колдонулушу менен түрлөрүнө мүнөздөмө берген [6, 18-б.].

Казак талаасында кездешкен салттуу музыкалык аспаптардын түрлөрүн чогултуу үчүн падышалык Россиянын өкмөтү XVIII-XIX кк. аягында бир нече ирет атайы жана пландуу түрдө экспедицияларды уюштурган. Мындай иштердин натыйжасында көөнө музыкалыкаспаптар жөнүндө алгачкы булактар менен маалыматтар жыйналат. Белгилүү түркolog-окумуштуу, академик В.В. Радлов (1837-1918) Алтай жергесинде болгон кезинде казактар менен башка да түрк тектүү калктардын жашоо-турмушунда колдонгон музыкалык аспаптардын көптөгөн түрлөрү жөнүндө маалыматтарды калтырган [20, 2208-б.].

Салттуу маданияттагы этнография үчүн маанилүү болгон тармактын бири – элдин диний ишенимдери менен жөрөлгөлөрү. Илимий тилде магиялык деп аталган бул чаралар салттуу көөнө музыкалык аспаптар тарыхы менен да байланыштуу болуп келет. Мисалы, улуу окумуштуу, саякатчы-этнограф Ш.Ш. Уалихановдун (1837-1865) эмгегинде *кылкобыз, домбыра, дангыра* сыяктуу музыкалык аспаптардын диний жана бакшылык иштерде колдонулганы баяндалат [15, 169-189-бб.]. Казак талаасына анын куш аркылуу тааралуу жөнүндөгү маалыматтары кийинки кезде жаңыдан табылган *куш сайрауук* аспабынын тарыхын аныктоого мүмкүндүк берди.

Бир катар эмгектерде музыкалык аспаптар жасалган жыгачтардын касиети жөнүндөгү диний ишеним [11], *коңгуроо* аспабынын магиялык максатта колдонуу себептери, аң-куш бейнелеринин аспаптарга, бакшы кийимдерине колдоонулушу жана ага байланыштуу аракеттери баяндалат [1].

Элдин салттуу музыкалык аспаптары жөнүндөгү алгачкы булактар менен маалыматтар Казакстандын Россияга кошулган мезгилдеринде (XVIII-XIX кк.) чет элдик саякатчылардын, илимпоздордун кыскача сыпаттамалары менен жазмалары аркылуу кагаз бетине түшүрүлгөн. Алардын көпчүлүгү ошол кездеги падышалык Россиянын коомдук-социалдык өнүгүүсүнө карай ылайыкталган түрдүү көз караштагы өкүлдөр болгон. Алар талаа табияты менен көчмөн жашоо-салтына тиешелүү турмуш-тирчилик аракетин көрсөтүүдө түрдүү пикирлерди калтырышкан.

Ал эми алардын салттуу музыкалык аспаптарга байланыштуу маалыматтарынын көбүнчөсү бурмалаган, чакан сыпаттама, кыскача аныктама түрүндө болгон. XVIII-XIX кылымдардагы чет элдик этнографтардын мындай кыскача маалыматтары бир жагынан булак катары өтө баалуу. Экинчи жагынан, тек ушу чакан жазма-маалыматтар менен гана чектелүү салттуу музыкалык аспаптарды изилдөөнүн азыркы тереңдеп кеткен жүгүн көтөрө албастыгы да белгилүү болууда. Ушу жагынан алганда салттуу музыкалык аспаптар элдин маданий мурасы катары тарыхый-этнографиялык жактан илимий-изилдөөнүн объектисине айланбаганы көрүнүп турат.

Казактын салттуу музыкалык аспаптарына байланыштуу маалыматтар жана илимий-изилдөө тармагындагы булактар жыйнакталбаган чачыранды бойдон кала берүүдө. Алар күнү бүгүнкүгө чейин тартипке келтирилип системага салынган эмес. Ошондуктан элдин руханий маданиятында өзгөчө зор роль ойногон улуттук музыкалык аспаптардын тарыхын бүгүнкү күндүн талабына ылайык терендете изилдөө, диссертациялык иштин мааниси менен тарыхый баалуулугун көрсөтүп турат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Казактын салттуу музыкалык аспаптары мурун археологиялык жана тарыхый-этнографиялык багытта колго алынбаган темалардын бирине жатат. Бул тема советтик мезгилде да, эгемендүүлүккө жетишкен жылдарда да атайын иликтөөгө алынган эмес. Казак аспап таануу иши боюнча жарык көргөн илимий эмгектер өтө аз. Анын себеби, айрым илимпоздор аспаптуу этнографияны музыкалык-ноталуу тармак катары бир жактуу караштырып келет. Анын кесепетинен бул тармактын элдин турмуш-тиричилиги, үрп-адаты менен диний ишенимдерине байланыштуу факторлор сыяктуу толуп жаткан маселелерди тереңдетип изилдөөгө маани берилген эмес. Ошондуктан салттуу музыкалык аспаптар комплексин тарыхый-этнографиялык өңүттө изилдөө иши бизде илимдин эң жаш багыты катары калып отурат. Музыкалык аспаптарын тарыхый-этнографиялык жактан изилдөө иши элдин турмуш салты менен гана эмес, аспаптуу-музыкалык археология, литофония, драмология, зат таануу (материаловедение), органология, акустика, музыкалык фольклор сыяктуу илим тармактары менен да байланыштуу. Демек, аспаптуу-этнография – көп кырдуу, темалар алкагы кенен, илимий булактары мол тармак.



Үн аспаптары ар бир тарыхый доордо адам колу аркылуу дүйнөгө келип, элдин турмуш-тиричилиги, аракети менен бирге жашап келди. Аны менен бирге жоокерчилик менен чапкынчылык мезгилдеринде, жут менен ачарчылыкта, табият кырсыктарында алардын канча бир нускалары жоголду. Мындай татаал шарттарга карабастан сакталып калгандары биздин күндөргө чейин жетти. Дагы бир катар тыянактар археологиялык казуулардын натыйжасында аныкталды. Аңыз-аңгемелер менен акылман карыялардын оозеки маалымат-сыпаттамаларынын, диний ырым-жырымдарда сакталган салттардын элдик аспаптарды калыбына келтирүүдөгү мааниси эбегейсиз зор.

Ушул жактан алып караганда, эң алды менен, ар кайсы мезгилде элдин жашоосу, турмуш-тиричилиги, каада-салты менен кошокеле жаткан көөнө музыкалык аспаптарды мурда жеткиликтүү караштырылбаган этнографиялык аспектиде изилдөө максаты турат. Изилдөөнүн жүрүшүндө, аларды бүгүнкү коз караш менен талдап, элдин тарыхына, санжырасына байланыштуу материалдарды илимий айлампага киргизүү зарылдыгы каралат. Ушуга саай төмөндөгү *милдеттер* белгиленди:

- салттуу музыкалык аспаптардын байыркы кылымдардагы архаикалык үлгүлөрү менен өзгөчөлүктөрүн археология жана этнографиялык материалдардын негизинде изилдөө;
- аспаптарга байланыштуу орун алып келген элдик жөрөлгөлөрдү, ырым-жырымдарды, культтук-магиялык кыймыл-аракеттерди, үрп-адаттарды, диний ишенимдерди анализдөө;
- тамырлаш түрк калктарынын салттуу музыкалык аспаптардын сырткы көрүнүштөрүндөгү, аталыштарындагы окшоштуктарды жана кээ бир айырмачылыктарды талдоого алуу;
- салттуу музыкалык аспаптарды илимий жактан жиктөөгө, системага салууга далалат кылуу;
- алардын материалдык жана руханий маданиятка бирдей катышы бар болуп келе жаткандыгын ачып көрсөтүү;
- бүгүнкү билим берүү жана өнөр маданиятындагы тиешелүү тармактардагы өнүгүүгө абай салуу;
- салттуу музыкалык аспаптардын азыркы маалыматтык-технологиядагы, агымдардагы ордун аныктоо.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы.** Эмгектин хронологиялык алкагы биздин заманыбызга чейинки IV-V миң жылдыктардан биздин заманыбыздын XX кылымдын аягына чейинки аралыкты камтыйт да, ушул узак мезгилдин ичинде колдонулуп келген салттуу музыкалык аспаптарды тарыхый-этнографиялык жактан изилдөөгө арналат.

**Эмгектин методологиялык негизи.** Эмгектин автору изилдөөнүн жүрүшүндө чет элдердин, Россия, Орто Азия менен Казакстандын көрүнүктүү тарыхчылары, этнографтары, археологдору, аспап таануучулары менен чеберлеринин эмгектериндеги салттуу маданият жөнүндөгү илимий-теориялык пикирлерин негиз кылып алды. Иште көтөрүлгөн маселелерди

чагылдырууда тарыхый-этнографиялык нуктагы изилдөөнүн негизи болуп саналган тарыхый-салыштырма ыкмасы колдонулду.

Тарыхый-этнографиялык булактарды маалыматтардын хронологиясы менен салыштырып талдоо ыкмасы көңүлдүн борборунда болду. Иште колдонулган тарыхый-хронологиялык ыкмада элдин жашоосундагы маданиятка байланышкан маселелери бирге изилденди. Ансыз изилденип жаткан теманын олуттуулугу менен мааниси солгундап калат. Ал эми салыштырып изилдөөдө колдонулган материалдар салттуу музыкалык аспаптардын өлкөнүн аймактары боюнча таралуусун аныктоого мүмкүндүк берет. Атап айтканда, ар кайсы доорлордо көчмөн жашоо салты мүнөздүү болуп келген тайпалар менен калктардын этнографиясында кездешкен булактарды изилдөө аркылуу аспаптардын кээ бир этникалык өзгөчөлүктөрү менен сейрек үлгүлөрүн, затын аныктоого мүмкүн болду.

Салыштырып талдоо ыкмасы булактар менен илимий эмгектерде камтылган аныктоолор менен шилтеме-маалыматтардын тактыгына шайкеш жасалды. Алардын ар кандай дэңгээлде экендиги да эске алынды. Элдин күндөлүк тиричилиги менен жашоо салтындагы чарбачылык турмуштун аракетинен жаралган материалдык маданияттын салттуу музыкалык аспаптарга байланыштуу багыттары атайы жиктөөгө алынды. Аны менен бирге, аспаптарга байланыштуу болуп келген магиялык-мистикалык, культтук чаралар жөнүндөгү окшоштуктар каралды.

Улуттук музыкалык аспаптарды илимий жиктөө менен системага салуу Г.Г. Дрегер, К. Закс, С. Субаналиев, Б. Сарыбаев, В. Кароматов сыяктуу окумуштуулар жасаган тажрыйбага таянып аткарылды. Бирок аталган авторлордун эмгектери ошол эле калыбында колдонулду дегенге болбойт. Диссертациялык иликтөө аркылуу белгилүү изилдөөчү Б.Ш. Сарыбаев тарабынан мындан кырк жыл мурун жазылган улуттук музыкалык аспаптардын үн өзгөчөлүктөрүнө арналган эмгегиндеги жиктөө үлгүсүнө бүгүнкү күндүн талабына шайкеш келген толуктоолор киргизилди.

Таш эстеликтер менен петроглифтерде чагылдырылган музыкалык аспаптардын көөнө сүрөттөрү казак талаасынын көп жеринен кездешет. Ушул өзгөчөлүк менен кубулушту изилдөөдө аспаптуу-литофония тармагы каралары белгилүү. Тармактын мааниси тууралуу түшүнүк казак аспап таануучуларынын арасында жетишсиз болуп келгендиктен, алардын мурун-кийин жарыяланган эмгектеринде бул маселеге байлагыштуу эч нерсе айтылбайт. Мындай кемчиликти эске алып, диссертациялык эмгектин алкагында алгачкы жолу музыкалык аспаптардын аймактар боюнча таралуу карталары даярдалды. Биринчи жолу сунушталып жаткан бул карталардын кийинки муундагы изилдөөчүлөр үчүн адистик курал иретинде маанилүү деп айтууга болот. Салттуу музыкалык аспаптарды тарыхый-этнографиялык жактан терең изилдөөдөгү бул ыкмалар, бүгүнкү маданий-маалыматтык агымдар, жаңы технология жана аспап таануу ишиндеги соңку жетишкендиктерди көңүлгө алуунун негизинде пайдаланылды.



**Изилдөө ишинин булактары.** Казак тарыхына, көөнө маданияты менен өнөр салтына байланыштуу жазылган булактарда изилдөөнүн темасына байланыштуу маалыматтар аз эмес. Мисалы, салттуу музыкалык аспаптардын тарыхын терең изилдөөнүн булактарына диссертацияда кеңири колдонулган неолит (б.з.ч. IV-III), коло (б.з.ч. VII-VI) доорлорундагы археологиялык табылгалар кирет. Аны менен бирге, көөнө түрк (б.з. V-VIII кк.) мезгилиндегитемага байланыштуу бай маалыматтар, таш эстеликтеринде, балбал-терракот таштарында камтылган. Ошондой эле көөнө кыпчак (б.з. IX-XII кк.) кылымы жана орто кылымда (XV-XVIII кк.) археологиялык казуулардан табылган түп аспаптардын изилдөө булак катары аткарган кызматы зор.

Абунасыр ал-Фараби (870-950), Абдурахман Жами (1714-1492), XIII-XVII кылымдараралыгында казак жергесине келген биринчи чет элдик саякатчылар Марко Поло (1254-1323), И.Г. Георги (1729-1802), П. Паллас (1741-1811) ж. б. калтырган маалыматтары эске алынды. Аны менен бирге ушулардын жолун улап XVIII-XIX кылымдарда саякаттап, эл тарыхы менен этнографиясын изилдөө иштерин жүргүзгөн В.В. Радлов (1837-1918), А.Ф. Эйхгорн (1844-1909), Н.Ф. Финдейзен (1868-1928), Г.Н. Потанин (1835-1920), улуттук окумуштуулар Ш.Ш. Уалиханов (1835-1865), А. Диваев (1855-1933) ж.б. эмгектериндеги салттуу музыкалык аспаптарга байланыштуу бир кыйла кызыктуу маалыматтар кезигет.

Жыйырманчы кылымдын 1930-1980 жылдар аралыгында мурунку Кеңеш өкмөтү кезегинде салттуу аспаптардын тарыхына маани берип, эмгек кылган В.М. Беляев (1888-1968), А.Х. Маргулан (1904-1985), Р.Л. Садоков (1929-1984), Т.С. Вызго, А. Машани, А.К. Жубанов (1906-1968), В.Н. Басилов (1937-1998), алардан кийинги изилдөөчүлөр С. Субаналиев, Б.Ш. Сарыбаев (1927-1984), Ө. Жанибеков (1931-1998), А. Кайбылда, К. Дүйшалиев, Ж. Нажимеденов сыяктуу аспап таануучулар менен окумуштулардын эмгектериндеги баалуу маалыматтарга шилтемелер жасалып, иште пайдаланылды.

Диссертациянын булактык базасынын негизин байыркы кылымдардан тарта маалымат берген ата мекендик авторлордун эмгектери менен кошо, автордун эл арасынан жана чет елдик иш сапарлардан өзү жыйнаган материалдар түздү. Оозеки маалымат бергендер менен сүрөттөрдүн жыйнактары маанилүү булактардан болуп калды.

Иштин илимий булагына Мамлекеттик борбордук музей (Алмата, Астана), А.Х. Маргулан атындагы археология музейинин темага байланыштуу коллекциялары, Абу Насыр ал-Фараби атындагы Улуттук университеттин археологиялык кабинетинде топтолгон мурастар, Алматы кол өнөрчүлөр колледжинин материалдары кирди.

Эмгектин *негизги* жана *башкы* илимий булактарына Казактын элдик музыка аспаптары музейинин тарыхый мурастары менен илимий маалыматтары кирет. Музей фондорунда сакталган маданий мурастар жана ага байланыштуу илимий маалыматтар салттуу музыкалык аспаптардын

тарыхын терең жана ар тараптуу изилдөөдөөтө маанилүү булак болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Темага байланыштуу мурда жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин жетиштүү деңгээлде каралбаган жактары толукталды. Диссертациялык эмгектин натыйжалары бардык деңгээлдеги окуу жайларынын тарых, этнография, аспаптуу-музыка, аспаптуу-колөнөр, аспаптуу-археология, аспап жасоо, калыбына келтирүү, жөндөө маселелери боюнча сабактарды өтүүдө колдонулса болот. Ал илимий-изилдөө чеберканаларынын иштерине да пайдалуу.

Диссертациялык эмгектеги материалдар чет жерлердеги казак диаспорасы жана тамырлаш түрк калктарынын аспап таануу курстары, улут аспаптары кафедралары үчүн керектүү окуу куралынын милдетин аткара алат. Изилдөөнүн жыйынтыктары аспап таануу тармагы боюнча өтүүчү илимий конференцияларга, экспозиция түзүү, көргөзмө уюштуруу, билимдерди жайылтуу иштерин уюштуруу чараларына практикалык жактан көмөк көрсөтө алат. Эмгектин материалдарынан адистер менен тармакташ илимдин окуулдору толук кандуу маалыматтарды ала алышат.

**Диссертациянын илимий жаңычылдыгы.** Калктын терең тарыхында, руханиятында, турмушунда өзгөчө орун алган салттуу музыкалык аспаптарды биринчи жолу тарыхый-этнографиялык жактан изилдөө иши – диссертациянын жаңычылдыгы болуп саналат. Иштин илимий жаңычылдыгынын дагы бири деп, казак талаасынан археологиялык казуулардын натыйжасында табылган түп нуска аспаптарга алгачкы жолу арналып түзүлгөн таблицалар менен карталарды айтууга болот. Эмгекте мурдатан жасалбай келген салыштырмалуу-типологиялык талдоо жүргүзүлдү.

Аспаптуу-музыкалык колөнөр, аспаптуу-музыкалык археология, драмология, литофония, зат таануу, аспаптуу-этнография сыяктуу илимий тармактардын ушул эмгек аркылуу биринчи жолу караштырылып жатканы да изилдөөнүнжаңычылдыгы болуп саналат. Эмгектин илимий баалуулугу казак аспап таануу илимин айланып өтпөгөн кеңеш доорундагы бурмаланган, адаптырылган багыттарды бүгүнкү көз караш, эл тарыхына шайкеш келтирип, цивилизация талаптарын эске алуу менен изилдөөдө турат. Мурун эске алынбай келген археологиялык материалдар, кийинки жылдары жаңыдан аныкталган «куш сайраук», «керуиш», «барбыт», «домбыралуу сак ыраулары»ж.б. сыяктуу тарыхый мурастар улуттук аспап тану илимийнде алгач ирет изилдөөгө алынып, илимий айлампага түшүрүлдү. Аны менен бирге, диссертацияда улуттук аспаптардын тарыхын салыштырып изилдөө үчүн алыскы-жакынкы элдердин, улуттар менен этностордун темага байланыштуу маалыматтары кошо камтылды.

Музыкалык аспаптарга байланыштуу каада-салттар, диний ишенимдер менен ырым-жырымдар, тыюулардын илимий жыйнагы топтолду. Анын натыйжасында мурда назарга алынбай келген кээ бир аспаптарга байланыштуу каада-салттар, дүйнө таанымдык, космологиялык аракеттердин



мааниси менен көрүнүштөрүнө, себептерине обзор жасалды. Тарыхый-этнографиялык изилдөө максатында аларды топтоонун ыкмасы менен булактары белгиленди. Улуттук музыкалык аспаптар комплексин терең изилдөөдө аларды тек ноталык система жактан гана бир жактуу караштыруу жетишсиз экени аныкталды. Турмуш-тиричилик аракетине байланыштуу болуп келген салттуу музыкалык аспаптардын терең тарыхын этнографиялык жана археологиялык жактан изилдөө сыяктуу факторлор дагы изилдөөнүн илимий жаңычылдыгын көрсөтөт.

**Диссертациянын апробациясы.** Илимий эмгектин мазмуну боюнча эл аралык жана республикалык илимий конференциялар менен симпозиумдарда докладдар, билдирүүлөр жасалган. Казакстандагы жана чет өлкөлүк рецензияланган басылмалар менен илимий жыйнактарда 18 макала жарыяланган. Диссертация темасынын алкагында 6 китеп, 1 монография басмадан чыккан.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор:**

- салттуу көөнө музыкалык аспаптардын үч-төрт миң жылдык тарыхында, алардын байыркы кылымдарда эң жөнөкөй жасалган көөнө үлгүлөрү улам татаалдашып классикалык формага айланган;
- элдик жөрөлгөлөр, ырым-жырымдар, диний-ишенимдик көз караштар, бакшы жана бакшылык салттын атрибуттары менен турмуштук аракеттердин аспаптык музыка менен тарыхына тигизген таасири чоң;
- тамырлаш түрк калктарынын этномаданиятында орток болуп келген аспаптардын окшоштуктары менен өзгөчөлүктөрү, алардын өзара байланышы менен жаратылыш шарттарындагы, маданий тарыхындагы кээ бир айырмачылыктарына байланыштуу;
- аспаптарды илимий жүйөлөөгө жана алгач ирет жасалыш затына карата жиктөөгө түшүрүүнүн мааниси;
- аспаптардын таралуусу Казакстандын бүткүл аймактарын кучагына камтуу менен айрым өзгөчөлүктөргө ээ болгон;
- түп нуска аспаптардын, эстелик таштардын, балбал таш терракоттардын, жар таш петроглифтеринин менен драмологияга, литофонияга, зат таанууга, археологияга, дүйнө таанууга тиешеси бар;
- салттуу музыкалык аспаптардын заттык жана руханий маданият үчүн бирдей мааниге ээ жана кийинки изилдөөлөр үчүн зарыл;
- салттуу музыкалык аспаптардын бүгүнкү маалыматтык-технология жана акпараттук-агымдардагы ээлеген орду бар;

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертация кириш сөздөн, үч баптан, корутундудан, адабияттар менен маалымат берүүчүлөрдүн тизмесинен жана тиркемелерден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

***Киришүүдө*** теманын актуалдуулугу, максаты менен милдеттери, илимий жаңычылдыгы, изилдөө деңгээли каралат. Ошону менен катар эмгектин методологиялык негиздери, практикалык мааниси көрсөтүлөт. Теманын мазмунун ачуу үчүн колдонулган адабияттар менен ар кыл булактар талданат.

***«Аспап таануу тарыхына жолу»*** деп аталган биринчи бапта салттуу музыкалык аспаптарды изилдөөдөгү мурдатан жеткиликтүү көңүл бурулбай келген, такталбаган тарыхый, археологиялык жана этнографиялык даректер талданат. Салттуу музыкалык аспаптардын тарыхы менен аларды колдонуу кеңеш мезгилинде жазылган кээ бир эмгектерде көрсөтүлгөндөй XVIII-XIX кылымдардан эмес, көөнө замандан башталгандыгы тууралуу петроглифтерде, балбал таш-терракотторду чегилип түшүрүлгөн сүрөттөрдү анализдөө аркылуу такталып көрсөтүлөт.

Б.з.ч. IV-V миң жылдыктарга тиешелүү Жезказгандын Улуу-Тоо аймагынан табылган «Танбалу жар таш» [26, Инв № 302], б.з.ч. VII-VI кк. Борбордук Казакстандын «Ташмола маданияты» эстелигинен табылган жаныбарлардын сөөгү менен мүйүзүнөн жасалган *үйлөмө* аспаптар, «Жолкудук», «Карашат» казууларынан алып чыккан колодон жасалган *чулуу-шылдырлуу* аспаптар [12, 307-370-бб.], Түштүк Казакстандын Карачык, Чарапкент археологиялык эстеликтеринен табылган *шылдырактар* менен *коңгуроо* аспаптары [7] мурдагы изилдөөлөрдө чагылдырылбай келген.

Булардын катарына Алматы өңүрүнүн «Майтөбө» жергесинен табылган «*Домбыралуу бичилер*» [2], Келес (Пазырык) *керуиши* менен *кол дабылу у*[22, 46-б.], көөнө түрк дооруна тиешелүү (V-VIIIкк.), *куш сайрауу к*[8], «*домбыралуу сак ыраулары*» таш-терракоттору [23], көөнө кыпчактардын (IX-XII кк.) «*бир ичек*» (кылкобызшы) аталган таш эстелик менен чоподон жасалган шылдырлуу *дүңгүрчөктөрү* кирет [9]. Ошондой эле XIII-XVII кк. мүнөздүү Аралтөбө *ышкрыгы* [24], Созак менен Сайрам өңүрүндөгү казууларынан аныкталган күмүш *шылдырактар* [28, 57-б.] ж.б. ушул сыяктуу эстеликтер казак аспап таануу билиминде мурун археологиялык жана тарыхый-этнографиялык жактан караштырылган эмес.

Казак элинин ата-мекени, турмуш-тирчилиги, үрп-адаты, материалдык маданияты менен кол өнөрчүлүгү тууралуу батыштын жана чыгыштын этнограф-окумуштууларынын, аскерий кызматкерлеринин, саякатчыларынын калтырган маалыматтары салттуу музыкалык аспаптарды изилдөөдө зарыл алгачкы жазма булактары болуп саналат. Аңыз-аңгемелер жана оозеки түрүндө жеткен маалыматтар да маанилүү. Мисалы, окумуштуу-этнограф Ш. Уалиханов эл арасынан жазып алган «*анчи куш*» жайындагы аңыз-аңгемелери үйлөмөлүү куш сайрауук аспабына түп тамыры менен байланыштуу. «Домбыралуу сак ыраулары» таш эстеликтеринин эл, улут тарыхындагы ээлеген орду аныкталды.



Абунасыр аль-Фараби, Г. Потанин, А. Маргулан, А. Машани, С. Кондыбай, С. Каскабасов ж.б. окумуштуулардын эмгектери кеңири пайдаланылып, алардын жасап кеткен иштери улантылды. Мында ал-Фарабининаспап таануу илимине салган жолу жана ал изилдеген орто кылымдагы аспаптарга жасаган тажрыйбасы талдоого алынып, жаңы булактар менен толуктоолор киргизилди. Этнографтардын жазма даректери менен оозеки формада жеткен маалыматтар назарга алынып, аспаптардын сыпатына, жасоо ыкмалары менен колдонулуучу эмгек шаймандарына, затына байланыштуу толуктоолор киргизилди.

Диссертациянын ***«Салттуу музыкалык аспаптар менен байланыштуу элдик көз караштар (диний ишеним, үрп-адат, салт-санаа, ными-сеним ж.б.)»*** деп аталган экинчи бапта алгачкы коомдук доорго таандык эң жонокой добуштук аспаптардын сыпаты менен колдонулушу кеңири каралды. Бул бапта алгачкы коомдук түзүлүштөгү турмуш-тиричиликтин зарылчылыгынан улам келип чыккан чарбачылыктагы эмгек куралдары менен кошо, түрдүү даражадагы добуштук аспап-куралдардын да пайда болуу себептери тууралуу сөз болот.

Б.з.ч. V-III миң жылдыктардагы адамдарынын алгач ойлоп тапкан саадак менен жебе, эң жонокой урма менен чакмак таш, ичи кууш камыш жана жыгач, жаныбарлардын туягы, мүйүзү, сөөгү ж.б. ушул сыяктуу алгачкы коомдук түзүлүшкө таандык эмгек куралдарынын добуш берүүчү буюмдарга айлануусунун башаты каралды. Көөнө доорлордо адамдардын турмуштук аракеттери табият менен тыгыз байланышта болгондуктан, күн, от, суу, асман, жаныбарлар менен өсүмдүктөрдөгү кубулуштар менен өзгөрүүлөр «ыйык рух», «ыйык күч» аркылуу башкарылат деп ишенип келишкен. Ал мезгилдерде адамдар ата-баба арбагына сыйынуу жана арки дүйнөгө болгон ишеним күч болгон. Ошол себептүү алгачкы коом аңчылары жапайы жаныбарларды өз эркине багындыруу үчүн алардын ар түрдүү сүрөттөрүн таш беттерине, үңкүр боорлоруна чегип түшүрдү. Аң терисин жамынып, кыймыл-аракеттерин жасоо жана ичи кууш сөөк менен жыгачты бир-бирине согуу,курай-камышты үйлөп добушун салуу ыкмасын да колдонгон адамдар жаныбарларды чакыруу аракеттерин колдонгон. Этнография илиминде бул ээликтирүү аркылуу сыйкырлоо магиясы деп аталат.

Мал чарбачылыгынын теги катары каралган алгачкы коомдук түзүлүштөгү аңчы тиричилиги менен шартталган куралдар менен бирге архаикалык үлгүдөгү эң жөнөкөй добуштук аспаптар да пайда болуп, сандаган миң жылдыктарды артка таштады. Алардын бир катары *зикирчи, кучынач, дуана, эмчи, бакшы-балгерлердин* колуна көчтү. Ошонун натыйжасында анын бир катары элдик үрп-адаттарды, диний-жоромолдорду аткарган культтук-магиялык аспаптарга айланды. Замандын өтүшү менен өзгөрүүгө дуушар болуп, өнүккөн бир катар түрлөрү *абыз-ырaулардын, анчи-күүчилердин, акын-ырчылардын* колуна оогон.

XVIII к. соңу менен XIX к. башынан тартып алардын көптөгөн үлгүлөрү эл ичинен жоголо баштады. Табылган көөнө үлгүлөрү тарыхый мурас

иретинде музейлерге берилсе, кээ бирлери музыкалык максатта руханий маданияттагы зарылчылыктарга жараша колдонула баштады. Азыркы кезде археологиялык казуулар аркылуу аныкталган алардын сейрек түп нуска үлгүлөрү тарыхый мурас үчүн өтө маанилүү. Мындай табылгалар элдин маданиятынын өнүгүүсүн иликтөөгө жардам бере турган салмактуу артефакттардын катарына кирээри шексиз.

Алгачкы коомдук доордон баштап жасалган эң жөнөкөй добуштук куралдардын алгачкы түрлөрүнө *урма* аспаптар кирет. Андай аспаптардын кээ бир нускалары түрк тектүү элдердин көпчүлүгүндө кездешет жана колдоонуу максаты да окшош. Башталгыч этапта ал жырткыч жаныбарлардан коргоону, аларды тосуп колго түшүрүп алуу сыяктуу аракеттердин таасиринен келип чыккан урмалуу аспаптар өзүнүн өнүгүүсүнүн кийинки этабында диний жөрөлгөлөр, ырым-жырымдык аракеттерменен байланыштуу болуп, бакшылык салттын негизги атрибутуна айланды. Анын толуп жаткан мисалдары казак жана башка түрк тектүү элдердин бардыгында кездешет. Мисалы, хакас бакшылары диний жөрөлгөлөрдү аткарууда *тогуз уул* менен кол кармашкан *жети кыздын* сүрөтү салынган бакшы дангырасын милдеттүү түрдө колдонот [16]. Мунун символикалуу мааниси, тамырлаш түрк тектүү калктардын ата-тек сүрүштүрүүсү эркек балдар жагынан жүргүзүлө тургандыгы жана түрк тектүү тайпалардын биримдиги, туугандыгына байланыштуу. Жети кыздын дангыра аспабына түшүрүлүшүндө касиеттүү деп саналган жети санды кадырлоо менен бирге, кыздардын бейнелерин кут-береке, жашоо жалгаштыгы деп таануу ишеними жатат.

Урмалуу-чулуу аспаптар төрт түлүк мал жугуштуу илдетке чалдыккан кезде де колдонулган. Бул аспаптарды колдонуу аркылуу «төрт-түлүк ооруларын көчүрүү» деп аталган ырым бакшылардын көмөгү менен аткарылган учурлар болгон. Бапта, аталган типтеги аспаптардын жоокерчиликке, турмуш-тиричиликке, чарбачылыкка жана диний көз караштарга байланыштуу колдонуштарына сыпаттама берилет. Мисалы, жоокерчилик аспаптарынын катарына жорык дабылы, кош дүнкүлдөк, шың, шыңдауыл, дудуга сыяктуу добуштук аспаптар кирет. Дауылпаз, сакпан, кепшик, токылдак, туяк таш, шартылдауук, дырылдауук, зырылдауук ж.б. этнографиялык үлгүдөгү аспаптар малдын артында жүргөн малчылардын, дыйкандардын жөнөкөй турмуштук куралы кызматын аткарган.

Диний жөрөлгөлөрдө асыресе, асаа, аса таяк, кутпа таяк, дангыра, шылдырмак, коңроо, бакшы кол дабылы ж.б. аспаптар колдонулган. Бул аспаптар убакыттын өтүшү менен өзүнүн башкы архаикалык маңыз-мазмуну жагынан кыйдөөлдүү өзгөрүшкө дуушар болуп, азыркы кезде музыкалык аспап катарыруханий маданият тармагындагы тийиштүү искусство өнөрүндө колдоонулуп келе жатат.

Казактын салттуу музыкалык аспаптардын ичинде *шылдырлуу* аспаптарынын орду өзгөчө. Алардын кээ бири урмалуу, жаалуу жана чертме аспаптардын бир катарына кошумча элемент иретинде колдонулганы менен



аткара турган өз алдынча жеке орду менен ролу бар. Мисалы, б.з.ч. VII-VI кк. тиешелүү колодон жасалган *асатаяк, коңроо, шылдырмактар* адегенде музыкалык максатта эмес, каада-салт, үрп-адаттарда, диний ишенимге байланыштуу жөрөлгөлөрдө колдонулган. Мисалы, эзелки көөнө түрк тайпалары арасында шылдырак менен коңгуроо аспаптары «касиеттүү, ыйык зат» деген ишеним калыптаган. Ошол себептүү айрым бакшылар кушту элестеткен ай баштуу, жылан баштуу шылдырмактар менен асатаяк колдонуп келишкен. Муну: «...Ичине таш салынган шылдырак-коңгуроонун үнүн колдонуу аркылуу жин-перилерди үркүтүп кубалоо тууралуу ишеним калыптанган»,–деген жазуулар тактайт [28, 57-б.].

Жогоруда аталгандай үрп-адатттар менен жөрөлгөлөр XIX к. ортосунан баштап элдин жашоосунан жоголо баштагандыгына байланыштуу алардын бир катары колдонуудан чыгып унутулууга дуушар болду. Элдин күндөлүк турмуш-тирчилигиндеги зарылчылыктан улам жаралган добуштук куралдардын кенен тобуна *үйлөмөлүү* аспаптар кирет. Алар: жыгач, камыш менен курай, жез, метал, чопо, балчык, кыш, пластмасса, тери, мал куугу, бамбук, сөөк, мүйүз, төө өңечи (төөнүн өңгөчүбү), балык менен жылан териси ж.б. сыяктуу заттардан жасалат. Ошол үйлөмө аспаптар тобуна тиешелүү экендиги кийинки жылдарда аныкталган куш сайрауык (Түркистан), сөөк ыскырык (Аралтөбө) шекилдүү жаңы аспаптардын пайда болуп таралуу маселеси изилденди.

Казактын салттуу музыкалык аспаптар системасындагы *жаалуу* аспаптар тобу алгачкы этапта диний, культтук-магиялык аракеттер менен жөрөлгөлөргө карата колдонулуп келди. Алардын бүгүнкү күнгө чейин сакталып калышына белгилүү даражада алгачкы коомдук доордон башталган эң көөнө диндердин бири – шаманизм маанилүү роль аткарды. Окумуштуу Ш. Уалиханов мындай дейт: «...Шаман дининин эң таланттуу өкүлү бакшы деп аталган. Казак түшүнүгүндө бакшы – элдин ырым-жырымын, салттуу жоро-жосундарын, үрп-адаттарын насыяттаган ары ойчул, ары күүчү болуу менен, ырчылык, эмчилик кызматтарын аткарган өзгөчө касиет конгон кут даарыган адам саналат» [25, 469-477-бб.].

Казактын салттуу музыкалык аспаптардын келип чыгыш тарыхы, сыпаты, тууралуу сөз кылганда аны менен тыгыз байланышта болуп келе жаткан бакшылык уламыштарга токтолбой кетүү мүмкүн эмес. Эзелтен көөнө түрктөр арасында «бакшылыкка жаралган адам» деген түшүнүк калыптанган. Чындыгында бакшылык касиетке ар ким элеөз эркименен жете албайт. Элдин элестетүүсүндө бакшы болор адам Алла Тааланын калоосу менен аныкталат да, ал киши бакшы болбой койбойт. «Эгер Алланын буйругунан баш тартса же болбосо кабылдабаса, ал адам кыйынчылыкка дуушар болот, жазага учурайт», – деген ишеним калыптанган. Жаалуу аспаптардын колдонулуу тарыхы казак талаасында өмүр сүргөн бакшы-эмчилер менен абыз-ырауларлын жашоосу менен тыгыз байланышта болду. Алар өз диний көз караштарын көбүнчө жаалуу аспаптардын көмөгү менен жүзөгө ашырып келген.

Жаалуу аспаптар тарыхын изилдөөдо мурункудай XVIII-XIX кылымдардагы калыптпашкан көз караштардан эмес, азыркы күнгө чейин назарга алынбаган биздин заманыбызга чейинки кылымдардагы булактарга назар салынды. Мисалы, сезген аспабына байланыштуу көөнө доорлордон келе жаткан Көкө Теңирдин, Алланын атыменен байланыштуу аңыз-аңгемелер [29], «саз кени, саз – үн – добуш байлыгы» сөзүменен айтыла турган даректер [27], «теңир обону» аталган күү сазыменен байланыштуу даректер [14], орто кылымдагы араб окумуштуусу Акфани ас-Сахабидун «адам добушу менен табиятта да кездешпей турган «теңирлик аспап» тууралуу маалыматтардын [5], андан берки XVII-XVIII кылымдарга тиешелүү булактар талдоого алынды. Изилдөө ишинде жаалуу аспаптардын жайылышы, эң оболу Көкө Теңир, Алланын кудурети менен жаралган кубулуштарменен байланыштуу болуп келгендиги аныкталды.

Ошондой эле, б.з.ч. мезгилдерде колдонууда болуп, бүгүнкү күнгө чейин жеткен сазген, кылкобыз, наркобыз, егек, бозанпы сыяктуу жаалуу аспаптардын XVI-XVIII кылымдардагы Европаны көздөй багыт алган «элдердин улуу көчүүсүнүн» натыйжасында тарап, аларда кээ бир жаалуу аспаптардын пайда болуп, өнүгүсүнө тийгизген таасири анализге алынды.

Казактын салттуу музыкалык аспаптар дүйнөсүндө өзүнүн татыктуу ордун алган *чертме* аспаптар тарыхы көөнө кылымдарга кетет. Казактар үчүн чертмелүү домбыра аспабынын мааниси өзгөчө, тарыхы терен, санжырасы бай, үлгү-нускалары дагы кенен. Археологиялык булактар боюнча домбыра аспабы мындан беш миң жыл мурун пайда болуп колдонууда болгон. Мисалы, Аксуу-Жабаглы өңүрүндөгү тоолордогу сактар дооруна таандык «Саз композициясы» аталган жар ташка чегип түшүрүлгөн чанагы жумур, эки кулагы бар кылдуу домбыра аспабы менен үрп-адаттык мүнөздөгү жөрөлгөлөрдү аткарып турган бакшы аял [17], Алмата өңүрүндөгү «Майтөбө» тоосунан табылган «Домбыралуу бийчилер» жар ташы, Түштүк өңүрдөгү казак талааларынан аныкталган «Домбыралуу сактар (сак ыраулары)» эстелик таш-терракоттор, Алтай тоосунан табылган болжол менен б.з. V-VI кылымдарына караштуу байыркы «түрк битиг» жазуусу бар домбыра ж.б. ушул сыяктуу даректер такталды.

Абунасыр ал-Фарабинин айтымы боюнча көп ичектүү-чертме аспаптар садактан таралып пайда болгон. Күнү бүгүнкүгө чейин колдонулуп келе жаткан югослав калкынын бир ичектүү «гусласы», эстондуктардын бир ичектүү «молльдили», удмурттардын бир кылдуу «монохорду» ушу садактан бери уланып келе жаткан агым. Садакчылардын казак талаасындагы эң көөнө сүрөтү Арпа өзөн тарабындагы б.з.ч. II миң жылдыктарга таандык петроглифтерине түшүрүлгөн [18, 242-б.].

Казактар арасында тараган көп ичектүүчертме аспаптардан азыркы мезгилге карата жетиген, адырна жана керуиш аталган үч түрү белгилүү болду. Керуиш казак аспап таануу ишинде күнү бүгүнкүгө чейин назарга алынбай келди. Анын эзелки музыкалык аспап иретинде б.з.ч. колдоонууда болгону жөнүндөгү даректер менен жазма маалыматтар жыйнакталды.



Мисалы, б.з.ч. V-IV кк. тиешелүү Алтайдагы эзелки сак, түрк тайпаларынын Келес (Пазырык) эстелигинен табылган көөнө аспаптын казак керуишинин журнагы экендиги такталды [22, 46-б.]. Биздин изилдөөбүздүн натыйжасында керуиш менен адырна бири-биринен айырмаланган жеке-жеке аспап экени аныкталды. Адырна аспабынын башы эмне себептен өгүз баш келгендиги, жасалуу ыкмалары изилденди. Алкөп ичектүүжетиген аспабынын казак арасына таралуусунатыва, якут, хакас, кыргыз сыяктуу тамырлаш түрк калктарынын арасында колдонулган «ядахан», «чатхан», «ядаган», «ятуган», «жети ан» деп өз тилдик диалектилерине карата айтылган аспаптар үлгү-нуска болгону караштырылды [21].

Бул баптагы аспаптар жасалуучу *жыгачтар* менен байланыштуу болуп келген элдик көз караштарды иликтөө дагы өтө маанилүү. Көк Тенри, Алла Тааланын эркименен жерге түшүрүлгөн адам баласынын турмуш-аракеттериндеги эң оболу колдонулганы – жыгач жана жыгач тектүү өсүмдүктөр. Ошондуктан жер жүзүндөгү көптөгөн элдерде кээ бир жыгач менен жыгач тектүү өсүмдүктөр ыйык саналып, аларга табынып келген. Казак түшүнүгүндө жыгач – тамырын терең жайган, жашоонун кепили катары саналат. Табиятта адам баласы кабылдай албай турган жаратылыштык кубулуштар, өсүмдүк түрлөрү менен тиричилик ээлери бар. «...Табият менен жаратылыштын бардык тоңын кубулуштары көрүнүш берген жэрлер кашиетти саналат. Обо... иен таалада жалкыз өскөн жыгач, өсүмдүктөр... алардун турган жэрлери ыйык дэп саналат» [25, 55-б.].

Кээ бир аспаптарды жасоо үчүн жыйырма же элүү жыл сакталган эмен, сыртында кабыгы жок сары карагай, өзөгүн курт жебеген, жарака кетип жарылбаган четин жыгачтары колдонулат. Себеби, ошол убакыттын ичинде бул жыгачтардын боюндагы бардык тиричиликке тиешелүү касиети агып бүтөт да, касиети музыкалык аспапка оошуп кетет деп ишенишкен. «Бир кылымдан мурун белгилүү болгон «анчи жыгачтар» касиетин билүүгө деген куштарлык урпактан-урпакка жалгашууда. Африкалык элдерде «анчи жыгачтар менен» байланыштуу болуп келген аңыз-аңгемелер, маалыматтар кенен тараган...»,-деп жазат ага негиз салган окумуштуулар [30].

Изилдөөнүн ***«Казактын салттуу музыкалык аспаптарынын илимий жиктелиши жана жүйөлөөгө келтирилиши. Тиби менен аймактык таралуу өзгөчөлүктөрү»*** деп аталган үчүнчү бабында салттык музыкалык аспаптардын белгилүү окумуштуу Б. Сарыбаев тарабынан ошондон кырк жыл мурун жасаган илимий жиктелишке толуктоолор киргизилди. Диссертациялык иштин тажрыйбалык багыттагы маселелерин чагылдырууда салттуу көөнө аспаптардын толук коллекциясы жыйналган Казактын элдик музыка аспаптары музейи тандалып алынды.

Аспаптардын добуштук өзгөчөлүктөрү сыяктуу эле, аны жасай турган заттын да маанилүү орун алганы аныкталды. Көбүнчө кайсы бир аспаптын добуштук касиети эң оболу жасалуучу затына жана анын сапатына байланыштуу болуп келет. Ошондуктан даярдоого керектеле турган зат музыкалык аспаптын аталышынын аныктоочу фактору болуп саналат. Буга

байланыштуу диссертациялык эмгек аркылуу алгачкы ирет музыкалык аспаптар даярдалуучу *затка* жиктөө жасалды. Албетте, сунуштальш отурган жиктелиш үлгүсүнө токтоолуу керек деген ойдон оолакбыз.

Бул бапта көрсөтүлгөн салттуу музыкалык аспаптарды илимий системага келтирилиши тууралуу алгачкы ирет сөз болот. Салттуу музыкалык аспаптарды ырааттка салуунун мааниси чоң. Тарыхый-маданий баалуу мурастарды топтоочу, сактоочу, илимий системага келтирүүчү бирден-бир орду болуп музейлер саналат. Кайсы гана музейдин болбосун жыйнактоо жана изилдөө милдеттери элдин тарыхый-маданий мурастарын коргоого багытталган. Топтолгон мурастардын кайсынысы болсо дагы илимий-изилдөө жумуштары үчүн маанилүү. Убакыт өткөн сайын алардын илимий мааниси менен эл тарыхындагы ролу арта түшөт. Ошондуктан эл тарыхынын, өмүрү менен турмуш салтынын бардык жактары менен байланыштуу болгон казактын салттуу музыкалык аспаптарын илимийсистемага түшүрүү зарыл иштердин бири. Бул иш – болочок изденүүчү-адистердин илимий жумуштары үчүн баалуу дарек болуу менен бирге музейилердеги мааданий мурастар тарыхы, улут өнөрү менен маданияты үчүн кызмат кылат.

***Корутундуда*** казак элинин калыптануусу менен этнографиясын изилдөөдөгү тарыхый-этнографиялык булактардын ичинде салттуу музыкалык аспаптардын да өзгөчө маанилүү экендиги көрсөтүлдү. Аталган аспаптар көчмөн чарбачылыктын курамдаш бөлүгү болгону жана элдин руханий маданиятындагы өнүгүү эволюциясы алкагында калыптанганы такталды. Салттуу музыкалык аспаптар, көөнө доорлордон келе жаткан баалулуктар иретинде өткөндү таанып-билүүгө көмөктөшкөн *заттык, руханий-маданий* жана *тарыхый-этнографиялык мурастар* катарында каралды.

Казак аспап таануу илиминин негизги өзөгү, башкы максаты саналган салттуу музыкалык аспаптар жүйөсүн терендете изилдеп-таануу жана аларды күндөлүк турмушта колдонуп, ал мурастарды урпактарга жеткизүү иши – элибиздин билим, илим жана маданият ишинин парзы. Казактын салттуу музыкалык аспаптары «Маданий мурас», «Калк – тарых толкынында» жана «Мангилик эл» аталган Мамлекеттик программаларга да тикелей катыштуу болуу менен бирге алардын ишке ашырылышына да кызмат кыла турган мааниге ээ.



## АДАБИЯТТАР ТИЗМЕСИ


1 Акишев А.К. Искусство и мифология саков. – Алматы: Наука, 1984. – С 176.

2 Ақатаев С. Тарихы терен домбыра // Алматы ақшамы. – 1988. 18. 07.

3 Аль Фараби. Трактаты о музыке и поэзии. – Алматы: Наука, 1993. – С 456.

4 Атлас по истории религий. Сост: А.А. Захаров., Е.Г. Кагаров. – Москва: Атеист, 1930. – С 248.

5 Бахман В. Среднеазиатские источники о родине смычковых инструментов // Музыка народов Азии и Африки. – Москва: 1972.Вып 2. – 31-36 с.

6 Георгии И.Г. Описание всех обитающих в Российском госурастве народов. Их житейских обрядов, обыкновений, одежд, жилищ, упражнений, забав, вероисповеданий и других достопамятностей. – СПб., 1776. – С.191.

7 Елеуов М. Тарихтың көне тамыры // Алтын орда, 2003. 24. 01.

8 Жәкішева З.С. Құссайрауық // Ақ желкен, 2000. - №12.

9 Қазақтың халық музыка аспаптары музейінің қорынан. - НҚ №296, 297.

10 Қазіргі кездегі Қазақстан өнері мен мәдениетінің даму бағыты – Алматы, 2001. - 354 бет.

11 Лес и человек: // Ежегодник – 1992. – Москва: Лесная промышленность. 192 с.

12 Маргулан А.Х., Акишев К.К., Кадырбаев М.К., Оразбаев А.М. Древняя культура Центрального Казахстана. – Алматы: Наука, 1966.– С.445.

13 Марғұлан Ә.Х. Ежелгі мәдениет куәлары. – Алматы: Қазақстан, 1966. –212 б.

14 Марғұлан Ә.Х. Қорқыт ата өмірі мен әфсаналары // Жұлдыз, 1987. - №3.

15 Мұхтарұлы С. Шоқан және өнер. – Алматы: Өнер, 1985. – 310 бет.

16 Народы Сибирии. Качинцы. – Москва: Изд-во АН СССР, 1957. – С 1083.

17 Новоженов В.А. Только зная своего историю можно стать по настоящему независимым // Форпост, 2002. 2. 07.

18 Өнердің ықпам тарихы – Алматы: Өнер, 1989. – 432 бет.

19 Паллас П.С. Физические путешествие по разным провинциям Российской империи – СПб., 1773 – С.657.

20 Радлов В.В. Опыт словаря тюркских наречий. – СПб.: - Т.4. Ч.2. 1911. – С 107.

21 Радлов В.В. Опыт словаря тюркских наречий. – СПб.: 1888 // - Т.3. Ч.1. – С. 2229.

22 Руденко С.И. Культура населения Горного Алтая в скифское время. – М.-Л.: 1948. – С. 404.

23 Садоков Р.Л. Музыкальные культуры древнего Хорезма. – Москва: Наука, 1970. – С 138.

24 Тасмағамбетов И., Самашев З. Сарайшық. – Алматы: 2003. – 250 бет.

25 Уәлиханов Ш. Қазақ халық поэзиясы түрлері жөнінде // Таңдамалы. – Алматы: Жазушы, 1985. – 560 бет.

26 Халық музыка аспаптары музейінің қорынан. НҚ №302.

27 Хаймолдин О. Сазген // Қазақстан әйелдері, 1982. - №9.
28 Художественная культура Средней Азии IX-XIII веков. – Из-во АН Уз. ССР Ташкент, 1983. – С 286.
29 Эйхгорн А. Музыкально-этнографиячеcкие материалы. – из-во: АН Уз. ССР Ташкент, 1963. – С.195.
30 Яковлев В. Зачем науке барабан? // Комсомольская правда, 1987. 13.02.



**ТЕМА БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН МАКАЛАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ**

1 Батыш Казакстандын аспаптуу-археологиясы // Еуразия маданиятындагы Арал-Каспий өңүрү. Эл аралык илимий конференция материалдары жыйнагы. I бөлүм. – Актобө, 2008. – 65-68 бб.
2 Казактын урма жана чулуу-шылдырлуу аспаптары // Казак тарыхы. - № 1(106). – Алмата, 2011. – 11-16 бб.
3 Домбыралуу сактар // Казак тарыхы. - № 5 (110). – Алмата, 2012. – 9-12 бб.
4 Рухани баалуулуктар // Казакстандагы кичи этностардын заттык эмес маданий мурастарын изилдөө, насыяттоо жана дамыту. Эл аралық илимий конференция материалдары жыйнагы. – Алмата, 2012.
5 Тамырлаш мурастар // А. Йасауи илимий менен мурастарын изилдөө маселелерү. Эл аралық илимий конференция материалдары жыйнагы. – Түркистан, 2012. - 323-327 бб.
6 Абунасыр ал-Фараби жана орто кылымдагы музыкалык аспаптар // Кыргызстан тарыхынын маселелери. КР УИАнын Вестниги. - Бишкек, 2013. №1- 2 (28). - 216-220 бб.
7 Жаалуу аспаптарымен байланышты көз караштар // Кыргызстан тарыхынын маселелери. КР УИАнын Вестнини. – Бишкек, 2013. - №1-2 (28). - 195-199 бб.
8 Түрк калктарынын этномаданиятындагы салттуу музыкалык аспаптар // «Элдик музыка аспаптары жана түркү калктарынын аспаптуу-музыкасы: өткөнү, бүгүнү жана болачагы». Эл аралық симпозиум материалдары жыйнагы. – Алмата, 2013. – 7-9 бб.
9 Казактын аспаптуу-музыкалык кол өнөрү // «Элдик саз аспаптары жана түрк калктарынын аспаптуу-музыкасы: өткөнү, бүгүнү жана болачагы». Эл аралық симпозиум материалдары жыйнагы. – Алмата, 2013. – 15-17 бб.
10 Казактын аспаптуу-археологиясы // Маданий мура (Культурное наследие) - №1-2. Январ - феврал. 2014. – 82-85 бб.

## РЕЗЮМЕ

**Жакишева Забира Сыпатаевна**

**Казактын салттуу музыкалык аспаптары**
**(тарыхый-этнографиялык изилдөө)**

**07.00.07. – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденитп алуу үчүн жазылган диссертация**

*Негизги сөздөр*: салттуу музыкалык аспаптар, археологиялык булактар,аспаптуу-археологиялык этнография, сыпаты, зат таануу, жиктелиши, жүйөлөө, салыштырмалуу-типология, жасоо ыкмалары, курал-шаймандар, диний ишеним, үрп-адат, жөрөлгөлөр, элдик көз караштар, бакшы жана бакшылык салт, турмуш-тирчилик, улуттук аспаптардын типтери, аймактык өзгөчөлүктөр ж.б.

Диссертация казактын салттуу музыкалык аспаптарын тарыхый-этнографиялык багытта терендете изилдөөгө арналган алгачкы эмгек. Автордун эл арасынан өзү жыйнаган этнографиялык материалдары, мурун назарга алынбаган даректер, археологиялык казуулардан табылган жаңы аспаптар тууралуу маалыматтар илимий айлампага киргизилген.

Диссертацияда кэйинки жылдары табылган жаңы аспаптардын түп нуска үлгүлөрү, казмалардан табылган таш эстеликтердин тарыхы, сыпаты менен аңыз-аңгемелери жыйнакталып, алар комплексти түрдө изилдөө объектисине айланган. Натыйжасында, салттуу музыкалык аспаптарды орындоочулук-нотолык жүйөдөө бир жакты караштыру жетишсиз экени такталды. Салттуу музыкалык аспаптар тарыхын жогоркуда көрштүлгөн илим салаалары менен байланышта караштыруу бул теманын жаңычылдыгын көрштөт.

Корутундуда салттуу музыкалык аспаптар калктын көчмөн чарбачылык жана турмуш-тиричилигинин жана элдин руханий-маданий эволюциясынын алкагында калыптанган деген жыйынтык чыгарылат. Анткени, ар тараптуу, терең тамырлуу, темалардын алкагы да кенен болуп келетин салтуу музыкалык аспаптар жүйөсү казак аспап таануу билиминин курамдык бөлүгү болуп табылат.

Диссертация кириш сөздөн, үч баптан, корутундудан, пайдаланылган адабияттар менен маалымат берүүчүлөрдүн тизмесинен жана тиркемелерден турат.



## РЕЗЮМЕ

**Жакишева Забира Сыпатаевна**

**«Казахские традиционные музыкальные инструменты**
**(историко-этнографические исследования)»**

**Диссертации на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.07 – «Этнография, этнология и антропология».**

*Ключевые слова:* традиционные музыкальные инструменты, археологические источники, археолого-инструментальная этнография, описание, материаловедения, систематизация, классификация по способу изготовления, сравнительная типология, карты распространения инструментов, традиционные и бытовые взгляды, религиозно-культурные аспекты и другие.

В этой работе впервые углубленно исследованы казахские традиционные музыкальные инструменты с историко-этнографической и археологической точек зрения. Собранные в ходе исследования многиематериалы, в том числе ранее неисследованные и необнародованные, доказывают и подтверждают актульность темы.

В диссертации впервые комплексно рассмотрены ранее не исследованные материалы, относящиеся к истории традиционных музыкальных инструментов. В итоге выяснилось, что недостаточно рассматривать историю традиционных музыкальных инструментов однобоко, лишь с исполнительской и нотной сторон. Поэтому, рассмотрение истории традиционных музыкальных инструментовнаряду с указанным выше множеством научных сфер, является научной новизной данной работы.

В заключений сделан вывод о том, что история традиционных музыкальных инструментов являлась составной частью кочевого, хозяйственно-культурного образа жизни народов и сформировывалась в объеме его духовно-культурного развития. Поэтому, познания и глубочайщее исследование системы музыкальных инструментов казахов остается основной частью истории казахсой науки инструментоведения с его тематическими, многообразными и глубокими корнями.

Диссертация состоит из введения, трех глав, заключения, списка использованной литературы, информаторов, списка сокращений а также приложений.

## SUMMARY

**Zhakisheva Zabira Sypataevna**

**"Kazakh traditional musical instruments (historical and ethnographic research)"**

**Thesis for the degree of candidate of historical sciences, specialty 07.00.07 - "Ethnography, ethnology and anthropology".**

*Keywords*: traditional musical instruments, archaeological sources, archaeological and instrumental ethnography, description, materials study, ordering, classification according to the method of manufacture, comparative typology, maps of tools distribution, traditional and consumer attitudes, religious and cultural aspects, and others.

In this work, the Kazakh traditional musical instruments have been first investigated in-depth with the historical and ethnographic as well as the archaeological points of view.

All materials that have been collected during the investigation, including previously unexplored and not made public ones, prove and confirm the topicality of the theme. The previously unexplored materials on the history of traditional musical instruments have been for the first time comprehensively examined in the thesis. As a result, it became clear that it is not enough to consider the history of traditional musical instruments only from the point of view of performance or music. Therefore, consideration of the history of musical instruments in addition to the above set multiple scientific fields proves the scientific novelty of this work.

The inference that the history of traditional musical instruments was a part of a nomadic, economic and cultural way of life of the people and was formed within the extent of its spiritual and cultural development has been made in conclusion.

Therefore, the study and the comprehensive research of the Kazakh traditional musical instruments system remains the main part of the history of the Kazakh science of instruments study with its thematic, diverse and deep roots.

Structurally, the thesis consists of introduction, three chapters, conclusion, bibliography, informants, a list of abbreviations and applications.




Формат 60x84 1/16.
Бумага офсетная. Объем 1,5 п.л.
Тираж 100 экз.

Отпечатано в типографии ЧП "Абыкеев А.Э."
г.Бишкек., ул. Абдумомунова, 193